КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ДОЛОНО АЙЫЛ КЕҢЕШ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
ДОЛОНСКИЙ АЙЫЛ КЕНЕШ

# ТОКТОМ

2024-ж 24-январь № 8 Таш-Арык айылы

Долоно айылдык Кеңешинин
VIII-чакырылышындагы кезексиз сессиясы

**«Долоно» айыл өкмөтү мекемеси «Нуржанов» айыл өкмөтү мекемеси “Көк Ой” айыл өкмөтү мекемесине кошулуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, “Долоно” айылдык кенеши ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. «Долоно» айыл өкмөтү мекемеси «Нуржанов» айыл өкмөтү мекемеси “Көк Ой” айыл өкмөтү мекемеси бириктирүү жолу менен « Кең Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» болуп кайра түзүлүүгө уруксат берилсин.

2. Мекемелердин мүлкүн инвентаризациялоо жана өткөрүп берүү актысына кол коюу жагы “Долоно” айыл өкмөтү мекемесинин башчысы Н.Касымовко жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышы боюнча көзөмөлдү өзүмө калтырам.

Төрага Т. Абдышов